**БАИЛАНЫШТУУ КЕПТИ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ**

**Бийгелдиева Н.А.**

*Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловна - п.и.к., доцент, С. Нааматов ат. НМУ, Нарын ш.*

*Аннотация Макалада орто мектепте байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы, формасы, каражаты иштелип чыгып, сунушталды.*

*Түйүндүү сөздөр: байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутуу, окутуунун методикасы, формасы, каражаты, оозеки кеп,жазуу кеп, практикалык иштердин методу, интерактивдүү окутуу методу, интеграцияланган сабак,компьютердик тармак, медиа билим берүү, интерактивдик булак.*

Орто мектепте байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутууда методикалык ыкмалар канчалык туура колдонулса, берилген материалды окуучулар ошончолук жакшы өздөштүрүшөт. Мына ошондуктан мугалим анын методунан туура пайдалана билүүгө тийиш.

Байланыштуу кепти окутууда бир эле метод колдонулбайт, бериле турган темага, класстагы окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнөжараша ар түрдүү метод колдонулат, аны компетенттүүлүккө негиздеп окутууда төмөнкү эки түргө бөлөбүз:

1. Оозеки кепти окутуунун методу;
2. Жазуу кепти окутуунун методу.

Төмөндө аларды окутуунун методикалык ыктарын таблица түрүндө көрсөтөбүз:

| Оозеки кепти окутуунун методу |
|---|
| - мугалим тарабынан оозеки түшүндүрүү методу ( баяндап түшүндүрүү, далилдөө, лекция методу ж.б.); |
| - суроо-жооп түрүндөгү аңгеме методу (кайталоо түрүндөгү, текшерүү түрүндөгү методу); |
| - китеп менен иштөөнүн методикалык ыкмалары (окуу методу); |
| - окуганын айтып берүү методу; |
| -тилдик материалдарга оозеки талдоо жүргүзүү методу ж.б. |

| Жазуу кепти окутуунун методу |
|---|
| - чыгармачылык методдор жана методикалык ыкмалар (жат жазуу, дилбаян, изложение жазуу, диаграмма, схема түзүү ж.б.) |
| - жазуу түрүндө талдоо жүргүзүү методу (жазуу түрүндөгү көнүгүүлөрдү аткаруу ж.б.); |
| - көчүрүп жазуу методу (адабий чыгармалардан, окуу китептерден, массалык-маалымат каражаттардан ж.б.) |
| - байкоо методу (экскурсиядан байкагандарын жазуу ж.б.); |

Орто мектепте байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутууда практикалык иштердин методужана интерактивдүү окутуу методу - байланыштуу кепти компетенттүүлүккө багыттап окутуунун башкы багыттарынын бири.

**Практикалык иштердин методу** окуучуларды тилдик материалдар боюнча оозеки, жазуу түрүндө талдоо жумуштарын аткарууга, адабий чыгармалардан, массалык-маалымат каражаттардан, окуу китептерден тексттерди талдоого үйрөтөт. Окуучулардын өз алдынча иштей билүүлөрү аларга билим жана тарбия берүүдөгү олуттуу иштерден болуп саналат. Ар бир окуучунун алган билиминин өсүшү, анын өзүнчө иштей билиши мугалимдин жетекчилигине байланыштуу. Мектеп тажрыйбасында, окуучу канчалык өзүнчө иштөөнү туура уюштура алса, анда анын билим деңгээли да ошончо жогору болот.

**Интерактивдүү окутуу методу** эне тилин окутууга карата коммуникативдик ишмердүүлүк мамиле, интерактивдүү окутуудагы окуучулардын тынымсыз өз ара баарлашуулары, карым-катнаш жасоо менен пикир алышуулары аркылуу ишке ашырылат. Бул багытта окутуу ишин уюштуруу үчүн атайын зарыл шарттарды түзүү зарыл. Мындай учурда окуучулар

өзүн-өзү, коомду жана дүйнөнү таанып билүү менен турмушка карата болгон туура көз караштарын калыптантат жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болушат. Ал үчүн байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутууда инте- рактивдик методду колдонуу зарыл. Интерактивдик метод менен окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт:

- окуучулар өздөрүн эркин сезип, “туура эмес жооп берип алам” деген коркунучтан алыс болуп, активдүүлүктөрү артат;
- ар бир окуучу өзүнүн жөндөмүн, шыгын, билимин көрсөтүүгө дадалаттанат;
- жуп менен, топ менен иштегенге машыгышат;
- мугалим менен, бири-бири менен тыгыз карым-катнашта пикир алышуу ишке ашат;
- окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанат;
- тапшырманы аткарууда бири-биринин тажрыйбаларын пайдаланууга, жаңы идеяларды жаратууга шарт түзүлөт;
- мугалим багыт берип, окуучу менен достук мамиледе болот.

Байланыштуу кепти интерактивдүү метод менен окутуунун айрым ыкмалары:

- макала же репортаж жазыш үчүн кайсыл стилди колдонорун айтып бере турган журналистти чакыруу жана аны менен суроо-жооп уюштуруу;
- окуучулар жазган ырларын класс алдында окутуу жана дубал газетага чыгаруу;
- жат жазуу, баяндама, дилбаяндардын түрлөрүн практикалоо;
- дебат уюштуруу;
- адабияттын окуу программасы боюнча бир драманын сценарийин даярдап, класска көрсөтүү;
- ар бир сабактын башында өтүлгөн темага ылайык 5-10 татаал сөздү кебинде пайдалануу үчүн доскага жазып илип коюу, ал сөздөр жыйналып отуруп, окуучунун сөздүгү пайда болот;
- мугалим кызыктуу аңгемени аягына чейин окубайт, анны окуучулар үйдөн окуп келиши керек;
- газетадагы макалар менен окуучуларды иштетүү ж.б.

Окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү үчүн түзүлгөн иштин мазмунун аныктоодо, алар мектепке кандай ком- муникативдик - кептик билгичтиктери менен келишерин, окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүүнүн кандай тенден- циялары бардыгын тактап алуу зарыл.

Жалпы билим берүү - коомдук-социалдык көрүнүш. Коом өнүккөн сайын ал да өнүгүүдө болуп, жаңылануу процессине учурайт. Бүгүнкү предметтик билим берүү формасы, мазмуну, колдонулган метод-ыктары, каражаттары боюнча да олуттуу жаңыланууда.

Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепцияларында өсүп келе жаткан муундарды улуттук маданият, элдик каада-салт, ыймандык жана эстетикалык баалуулуктар менен тааныштыруу, ошол эле учурда аны жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкаштыра ишке ашыруу керектиги айтылат.

Жалпы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу - өтүлүүчү сабактын формасына, мазмунуна олуттуу өзгөрүүлөрдү кирги- зүү, сабак процессин мезгил талабына ылайык өткөрүү, билим берүү процессинде интеграцияланган сабактарды уюштуруу.

Элдик педагогика да, илимий педагогика да бул кубулушту айланып өтө алган эмес. Ушундан улам интеграция түшү- нүгүн педагогикадагы жаңы нерсе деп айтууга болбойт. Ал дайыма болуп, окутуу, таалим-тарбия берүү иштерин коштоп келген, коштоп жатат.

Педагогика илимине, билим берүү процессинин өзүнө кирип жаткан интеграция кубулушунун азыркы жаңылыгы мурда- тан илим катары калыптанып өнүгүп, анын негизинде билим берүүнүн, окутуунун өзүнчө предмети болгон дисциплиналарды бириктирип, бир бүтүн предмет (сабак) катары окутууга сунуш кылышында турат. Ал эми интеграциялоонун башкы максаты окуучуларга ар түрдүү предметтерден алган билимдеринин биримдигин, билим берүүнүн кайсы предмети болбосун алар бир бүтүндүктү түзө тургандыгын түшүндүрүүнү, жеткирүүнү көздөгөнү менен түшүндүрүлөт. Түпкү максаты - окуучуларга кур- чап турган дүйнөнүн биримдигин билдирүү, аларга аяр мамиле кылууга, ишмердүүлүккө үйрөтүү, көнүктүрүү.

Айтылган теорияны практикада ишке ашыруу процессинде интерактивдүү методду колдонуу натыйжалуу болот. Ин- терактивдүү метод - азыркы билим берүүнүн жаңы инновациялык методу. “Инновация” - эки сөздөн турган, латын тилинен кирген термин. Термин катары бул сөздүн колдонуу чөйрөсү өтө кеңири, билим берүүдө гана эмес, өндүрүштө, илимде, башкарууда ж.б. бүгүнкү күндө активдүү колдонулат. Негизги лексикалык мааниси өзүнөн (ичинен) өзгөрүү (жаңылануу). Окутууга инновациялык мамиле кылуу окутуунун салттуу системасын, методдорун, формаларын жана каражаттарын тан- байт, жокко чыгарбайт. Аларга өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизет.

Интерактивдүүлүк - бул окуучунун жөндөм-шыгына, суроо-талаптарына негизделип, билим берүүнүн сапатын артты- рууга, өркүндөтүүгө жана жаңылоого багытталган окутууга карата болгон мамиле, дидактикалык иш-аракеттердин системасы.

Бул системаны билим берүүнүн бардык структураларында:

I. Башталгыч класс 1-4 класс

II. Толук эмес орто билим 5-9 класс

III. Толук орто билим 10-11 класста колдонууга болот.

Орто мектептерде байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутуудагы башкы талаптын бири - интерактив- дүү методдун негизинде интеграцияланган сабакты уюштуруу.

Изилдөөбүздө Билим берүүнүн биринчи баскычы болгон 1- 4 класстын “1-класстар үчүн “Алиппе” китебине методика- лык көрсөтмөлөр” иштелип чыкты. Аталган эмгекте эне тил, адабий окуу, математика, сүрөт, музыка, мекен таануу, дене тарбия ж.б. предметтер менен интеграцияланган мазмун жатат.

Интеграцияланган сабакты окутууда жалпыланган билимдерде, билгичтиктерде, көндүмдөрдө жана ой жүгүртүүнүн ыкмаларында окуу предметтеринин биригүүсү, интеграциясы жүрөт, баланын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү, анын жекечелиги өнүгөт, улуттук жана маданий үрп-адаттар тааныштырылат, окутуу менен тарбиялоонун биримдиги жаралат, андан орто мектепте байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окуутунун жолдору иштелип чыгат.

Мектеп турмушунда окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү жумушун өтө олуттуу маселе катары карап, анын түрлөрү болгон окуучунун оозеки жана жазуу кебинин өсүшүнө айрыкча көңүл бөлүү, орчундуу милдеттерин, аткарылыш талаптарын,кебин өстүрүүгө багытталган атайын жумуштарын көрсөтүп берүү - биздин максатыбыз. Окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүү иши мектептердин алдына коюлган эң бир орчундуу милдеттерден болуп эсептелет.

Окутуу тажрыйбасында окуучулардын кебин өстүрүүгө байланыштуу жазуу кеби менен оозеки кебинин арасындагы бөтөнчөлүктөрдү мугалим эске алууга тийиш.

Жазуу кеби менен оозеки кеп өз ара тыгыз байланыштуу. Бул экөө тең ойлоонун натыйжасынан чыга турган нерсе, алардын башкы талаптары: окуучуларды так, ачык, мазмундуу, көрктүү, туура сүйлөөгө үйрөтүү.

Окутуунун каражаты - окуу процессин натыйжалуу жүрүшүнө эң зарыл болгон билим мазмуну менен бирдикте предметтик маалыматты түзүүчү элементтердин жыйындысы болуп саналат.

Орто мектепте байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун каражаттарынын негизгилерине төмөнкүлөр кирет:

- мультимедиялык программалар, ар түрдүү сунуштар ж.б.;
- аудиовизуалдуу (телевидение, видеофильмдер ж.б.) үлгүлөр;
- бир сабак өтүүдө колдонулуучу каражаттар (текст, таблица, окуу китеби, окуу куралы ж.б.);
- азыркы (массалык-маалымат булактары, компьютердик программалар ж.б.) жана келечектеги (веб-сайттар, дүйнөлүк компьютердик тармак, глобалдык билим программалар ж.б.) багыттар.

Окутуунун техникалык каражаттарына компьютердик тармак, медиа билим берүү, интерактивдик булактар кирет.

Орто мектепте байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун

каражаттарынын негизгилеринин ичинен практикада көп колдонгон түрү - бир сабак өтүүдө колдонулуучу окутуунун каражаттары. Аларга текст, таблица, окуу китеби, окуу куралы ж.б. кирет.

Илимий түшүнүктөрдү кабылдоо, үйрөнүү, түшүнүк-жоболорду практикалык түрдө өздөштүрүү жөнүндөгү методикалык принципте, башкача айтканда, илимий аныктамалар конкреттүү сабактарда үйрөтүлгөндө, теориялык түшүнүктөрдү окутууда жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден оорго жетелеген дидактикалык эреженин талаптары сакталууга тийиш.

### *Адабияттар*


1. Бийгелдиева Н.А. Байланыштуу кепти окутуунун методикалык окуу куралы. Бишкек, Айат, 2014. -
2. Бийгелдиева Н.А. Тексттер топтому [Текст]: окуу куралы / Карыбекова Н.Р., Бийгелдиева Н., Абдыкалыкова А. - Б.: Айат, 2009. - 88 б.
3. Карыбекова Н.Р. Мугалимдерге жардам [Текст] / Н.А.Бийгелдиева, Н.Р.Карыбекова. - Б.: Айат, 2006. - 47 б.
4. Карыбекова Н.Р. Дилбаяндардын үлгүлөрү (9-класс) [Текст] / Н.А.Бийгелдиева, Н.Р.Карыбекова. - Б.:Айат, 2007. - 31 б.
5. Карыбекова Н.Р. Дилбаяндардын үлгүлөрү (11-класс) [Текст] / Н.А.Бийгелдиева, Н.Р.Карыбекова. - Б.:Айат, 2007. - 26 б.
6. Карыбекова Н.Р. Кыргыз тили боюнча таблицалар топтому [Текст] / Н.А.Бийгелдиева, Н.Р.Карыбекова. - Б.:Айат, 2009. - 30 б.
7. Сартбаев К. К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Ф.: Мектеп, 1978. - 108 б.
8. Сартбаев К. К. Окуучулардын речин өстүрүү. - Ф.: Мектеп. 1966. - 147 б.